DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Мапаева Н.А.*

# ГЕЗИТТИК КАБАР ТҮРҮНДӨГҮ КЫСКА ТЕКСТТЕРДИН ГРАФИКАЛЫК ЖАКТАН ЖАБДЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Мапаева Н.А.*

# ОСОБЕННОСТИ ГРАФИЧЕСКОГО ОФОРМЛЕНИЯ КОРОТКИХ ТЕКСТОВ В ФОРМЕ ГАЗЕТНОЙ ИНФОРМАЦИИ

*N.A. Mapaeva*

# FEATURES GRAPHIC DESIGN OF SHORT TEXTS IN THE FORM OF NEWSPAPER INFORMATION

*УДК: 366.6386 (575.2)*

*Коомдо адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы, жашоодогу позициясы, ар кандай ой толгоолору маалыматты кабылдоосуна жараша калыптанат. XXI кылымдагы эң кымбат жана абдан маанилүү нерсе, бул – информация. Азыркы учурда публицистикалык тексттердин максаты, маанилүүлүгү, коомдогу жүк көтөрүмдүүлүк деңгээли өлчөнө тургандыгы талашсыз. Анткени ар кандай публицистикалык тексттер, материалдар адамдардын аң-сезимине таасир этип, кайтарым байланыштын болушун шарттайт. Окурман менен гезиттин ортосунда билинбеген сыпайы кайтарым байланыш адамзаттын жашоо образынын жакшырышын, ой жүгүртүү деңгээлинин жогорулашын камсыздайт. Ошондуктан жогорку интеллектуалдык деңгээлде ой жүгүртүүнүн адамзатта калыптанышын публицистикалык тексттер, материалдар ишке ашыра алат. Адамзат үчүн информациянын маанилүүлүгү улам арткан сайын публицистикалык тексттерге коюлган талаптар да ошончолук жогорулайт. Анткени публицистикалык тексттер, материалдар коомдо жашаган курагы, көз карашы, кесиби, улуту, жынысы, кызмат абалы, кызыгуулары, максат-мүдөөлөрү, билим деңгээли ар түрдүү болгон адамдарга арналат. Ошондуктан информацияны ар бир адам өз деңгээлине жараша кабылдайт жана ага карата оң жана терс жообун билдире алат. Бул жагдай публицистикалык стилдеги гезиттик тексттердин диалогдуулугун, коом мүчөлөрүнүн арасында оң жана терс реакция жарата алуу мүмкүнчүлүгүн, алардын коммуникативдик, прагматикалык жактан багыттуулугун жана таасирдүүлүгүн айгинелей алат. Макалада гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан жабдылыш өзгөчөлүктөрү талдоого алынган.*

***Негизги сөздөр:** кабар түрүндөгү кыска тексттер, публицистикалык стиль, коммуникация, графикалык.*

*Взгляды людей в обществе на мир, жизненные позиции формируются от информационного восприятия. Ведь разные публицистические тексты, материалы влияют на сознание людей, создают условия обратной связи. Незаметная вежливая обратная связь между читателем и газетой обеспечивает хороший образ жизни и высокий уровень мышления человечества. Поэтому формирование высокого интеллектуального уровня мышления человечества воплощают в жизнь публицистические тексты и материалы. С каждым разом для человечества значение информации возрастает вместе с этим повышается требование к публицистическим текстам. Ведь в обществе публицистические тексты, материалы посвящаются разным людям, по возрасту, по взглядам, по национальности, по полу, по интересам, по целям и по уровню образования. Поэтому каждый человек информацию воспринимает в зависимости от своего уровня и от этого зависит его положительный или отрицательный ответ. В статье анализируются особенности графического оформления коротких текстов в форме газетной информации.*

***Ключевые слова:** тексты в виде газетной информации, публицистический стиль, коммуникация, графика.*

*The views of people in society on the world, life positions are formed from informational perception. After all, different journalistic texts, materials influence people's consciousness, create conditions for feedback. Imperceptible polite feedback between the reader and the newspaper provides a good lifestyle and a high level of human thinking. Therefore, the formation of a high intellectual level of human thinking is embodied in the life of journalistic texts and materials. Each time for humanity, the value of information increases with the increase in the demand for journalistic texts. After all, in a society journalistic texts, materials are dedicated to different people, by age, by views, by nationality, by gender, by interests, by goals and by level of education. Therefore, each person perceives information depending on his level and his positive or negative response depends on it. The article analyzes the features of the graphic design of short texts in the form of newspaper information.*

***Key words:** texts in the form of newspaper information, journalistic style, communication, graphic.*

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттерде коомдук сүйлөшүү практикасында эл менен информация алмашуу, мамиле түзүү максаты көздөлгөндүктөн, мындай тексттердин гезитте графикалык жактан жабдылышы, жасалгаланышы да олуттуу мааниге ээ.

Кабар түрүндөгү кыска тексттерде улуттук идеологиянын, таалим-тарбиянын, рекламанын, маданияттын ж.б.у.с. коомчулуктун көңүл борборунда турган, көкүрөгүн өйүгөн көптөгөн маанилүү маселелер жөнүндө сөз болгондуктан, тексттин гезит бетиндеги

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



графикалык сөлөкөтү да коомчулукка таасир этүүчү күчкө ээ. Массалык мүнөздөгү информацияны туюндуруунун өзгөчө жолу, аны графикалык жактан жабдуунун жекече өзгөчөлүктөрү, стили болот. Бул көрүнүш массалык маалымат органынын саясатына жана багытына тыгыз байланыштуу. Публицистикалык стилдеги гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин бир нече стилдик өзгөчөлүктөргө ээ болушунун себептери да ушул жагдайларга байланыштуу. Маселен, гезиттик кабар түрүндөгү тексттерге таандык стиль гезитке мүнөздүү бир нече стилдер менен диалектикалык карым-катнашта болот.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин темалары да өзүнчө бир стилдик кызмат аткарып, коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп, бүйрүн кызыта алат.

Демек, кабар түрүндөгү кыска тексттердин темалары белгилүү бир коммуникативдик-прагматикалык кызмат аткарып, көпчүлүктүн бүйрүн кызыта алат. Мындай темалар гезиттин жалпы саясатына ылайык окурманды белгилүү бир маалыматтык багытка ынандыруу максатын да көздөйт. Ошондуктан гезиттик кыска тексттердин темасы чоң мааниге ээ. Адатта, темада кыска тексттин негизги, өзөктүү багыты чагылдырылат, же ал тексттин негизги мазмуну констатацияланат. Ошентип, гезитке жарыялануучу кабар түрүндөгү кыска тексттин темаларын түзүү стили, андагы мүнөздүү өзгөчөлүктөр да мындай кыска тексттин стилдик өзгөчөлүктөрүнө таасирин тийгизет. Кээде тексттин темасы да мындай кыска текст-тердин логика-прагматикалык, информациялык өңүтүнө бир кыйла өзгөчөлүктөрдү кийириши мүмкүн. Мисалы:

Кыраандар тобу

Кыраандар тобу жөнүндө Мукаш Кыдырбай мына буларды айтат: Алгыр канатуулар: ак куш, кара куш.

Ак куштар: шумкар, туйгун, тунжур, тынар, карчыга, чүйлү, кыргый.

Кара куштар: бүркүт, ителги, ылаачын, турумтай 6, 8-б.].

Мисалга алынган бул гезиттик кабар түрүндөгү кыска текстте тексттин темасы андагы мазмундук негизди ачык туюндуруп, тексттин андан ары прагматикалык багытына түздөн-түз таасирин тийгизе алды. Бул тексттин темасында эле текстте баяндала турган негизги мазмун кыскача констатацияланды. Ошентип, бул текстин темасы тексттин мазмунуна түздөн-түз байланыштуу болуп, тексттин дал ушундай кыска, так, баяндама стилде болушун шарттады.

Натыйжада, «Кыргыз тили» гезитинин жүргүзгөн жалпы саясатына ылайык алгыр куштар тууралуу буга чейинки кыргыз элинин түшүнүк-туюму жөнүндө маалымат берилди. Бул кыска кабарда сунуш-талган алгыр куштардын түрлөрүнүн бөлүнүп так көрсөтүлүшүнө караганда, кыргыз элинде аңчылык чоң өнөр деңгээлине көтөрүлгөнүн баамдоого болот. Анткени куштарды жана алардын бүтүндөй өзгөчөлүктөрүн кылдат жана терең таанып билген учурда гана аларды түрлөргө, типтерге бөлүштүрүүгө болот. Демек, алгыр куштардын түрлөрүн тизмектеп берген бул кыска кабардын артында кыргыз элинин чоң маданияты жана чоң өнөрү жатканына күбө боло алдык. Бул жагдай гезиттик кыска тексттердин полипрагматикалык мүнөзгө ээ экендигин айкын көрсөтүп турат. Ошентип, «алгыр куш» деген түшүнүктүн синонимикасын түзгөн «кыраан» деген туюнтманын бул кыска тексттин темасы катары колдонулушу маанилик жактан да, логика-прагматикалык өңүттөн да өзүн-өзү толук актай алды.

Ырас, гезиттик кыска тексттердин темалары дайыма эле жогорудагы тексттей анын мазмунуна түздөн-түз байланышта боло бербейт. Айрым учурларда мындай кыска тексттердин темасы анда туюндурулган мазмунга кыйыр байланышта болот.

Мисалы:

Элдик санжырадан

Адамда канча түрдүү кулак болот?

Адамда үч түрдүү кулак болот: таш кулак, акма кулак, куйма кулак.

Таш кулакка сөз кирбейт, катуу болот. Айтканды укпайт, укканды айтып бере албайт.

Экинчиси – акма кулак. Айтылган сөз кулагынан түшүп калат.

Үчүнчүсү – куйма кулак. Айтылганды бүт тыңшап угат. Мындайга айтылган сөз талаада калбайт. Сөздү элден үйрөнөт. Куйма кулакка сөз үйүлөт [6,8].

Жогоруда айкын көрүнүп тургандай, бул тексттин темасы анда туюндурулган мазмунга кыйыр түрдө байланышы бар. Анткени «Элдик санжыра» деген түшүнүктө элдин угуу маданиятына байланыштуу эле маселелер камтылбастан, анда элдин басып өткөн жолу, тарыхы, адамдары, башкаруучулары, башка элдер, уруулар менен болгон байланышы, улуттук психологиясы, философиясы, дүйнө таанымы, экономикасы, географиясы, турмуш образы сыяктуу ж.б. көптөгөн маселелер камтылган болот.

Ошондуктан «Элдик санжырадан» деген темадан текстте эмне жөнүндө, кайсы маселелер тууралуу сөз болору алдын ала белгисиз жана ачык эмес. Мындай купуялуулук, сырдуулук окурманды кызыктырып, көңүлүн өзүнө бура алат.

Албетте, гезиттик кыска тексттердин темалары андагы мазмунга түз байланышта болсо да, же кыйыр байланышта болсо да, алар тексттин стилине, лексика-семантикалык, коннотациялык негиздерине таасирин тийгизет. Маселен, кыргыз элинин угуу маданиятына байланыштуу байкоолорун баяндаган жогоруда мисалга алынган текстте тексттин темасы айтып тургандай санжыранын стили, элдик санжырадагы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



информация туюндуруунун жолу, ык-амалдары толук сакталган. Муну «…сөз кирбейт», «…сөз кулагынан түшүп калат», «сөз талаада калбайт», «сөз үйүлөт» деген туюнтмалардан байкасак болот. Бул туюнтмаларда маалыматты оозеки туюндуруунун бүтүндөй белгилери камтылган. Ошондой эле тексттеги «Мындайга айтылган сөз талаада калбайт» деген сүйлөмдөгү адамга карата колдонулган «Мындайга» деген туюнтма - элдик оозеки сүйлөшүүнүн анык белгиси. Бул белгилер санжыранын табиятына, өзгөчөлүгүнө төп келип турат. Ошентип, бул тексттин темасы андагы мазмундун туюндурлушуна, мазмунду туюндуруунун технологиясына күчтүү таасир эте алды.

Демек, жогорудагы фактылар көрсөтүп тургандай, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин темалары мындай кыска тексттердин стилдик өзгөчөлүктөрүнө, ал тексттин логика-прагматикалык багытына күчтүү таасир эте алат.

Гезиттик кыска тексттерде коомчулук үчүн маалыматтарды чагылдыруунун стили да, анын тилдик формасы да мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Жалпыга белгилүү болгондой, Кыргызстанда гезиттин жалпысынан эки түрү бар. Биринчи - расмий маалыматтарды тараткан олуттуу гезиттер. Экинчиси - ар кандай рекламаларды, медициналык, гигиеналык ж.б. маалыматтарды жарыялаган кызыктыруучу гезиттер. Ошондуктан тигил же бул гезиттин өзүлөрүнө таандык саясаты, маалымат таратуу багыты, индивидуалдуу стили, тилдик каражаттар менен иштөө өзгөчөлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү, ошол гезитке гана таандык мүнөздүү белгилери болот. Ал белгилер публицистикалык стилдеги тексттерде айкын көрүнөт. Гезиттик кабар түрүндөгү тексттердин дал ушундай стилде, формада болушуна гезиттин графикалык стили да өз таасирин тийгизет. Биздин оюбузча, гезиттин тилин иликтеп үйрөнүүдө андагы графикалык стиль негизги маселелердин бирин түзөт. Анткени гезиттеги графикалык белгилер, каражаттар, көрсөткүчтөр, графикалык көрүнүштөр да окурмандарды, коомчулукту белгилүү бир маалымат аймагына багыттоочу, үгүттөөчү кызмат аткарат. Ошондой эле графикалык белгилер гезитте эстетикалык функцияларды да аткарат. Ошентип, гезитте сунушталган типографиялык каражат-белгилер, бир жагынан, окурмандын маалыматтык материалдарды бөлүштүрүп кабыл алуусуна көмөкчү болсо, экинчи жагынан, окурмандын гезит бетинен өзүн кызыктырган маалыматтарды тез тандап алуусуна өбөлгө болот. Ар бир гезитке мүнөздүү графикалык белгилер ал гезиттин башка гезиттерден обочолонгон графикалык образын да жаратып турат. Ошентип, гезиттик тексттердин графикалык жактан жабдылышы да олуттуу мааниге ээ. Себеби гезиттин графикалык жактан орундуу жабдылышы окурман тарабынан информацияны оперативдүү, ыкчам табууга жана аны кабыл алууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Маселен, көпчүлүк гезиттерде кабар түрүндөгү кыска тексттердин эң алгач кыскача аннотациясы берилет. Кыска тексттин мазмунун баяндаган ал аннотация графикалык жактан өзгөчөлөнүп жазылат. Андан соң, аннотацияда баяндалган белгиленген мазмун тексттин кийинки бөлүгүндө ар тараптан чечмеленет. Бул учурда гезиттик кабар түрүндөгү кыска текст мазмундук-логикалык структурасы боюнча катафоралык негизде уюшулган болот. Бул жагдай макаладагы негизги мазмунду тез жана так түшүнүүгө көмөк көрсөтөт [3,135].

Демек, ушул сыяктуу графикалык белгилер, графикалык жактан тексттин мазмунун өзгөчөлөнтүп жазуу кабар түрүндөгү тексттердин мазмундук, логикалык структурасын атайы бөлүп көрсөтүү кызматын аткарат. Бул жагдай коомчулукка сунушталуучу маалыматтын маанилүүлүгүн, канчалык деңгээлде алардын олуттуу экенин баса көрсөтүү максатын да көздөйт. Ошондуктан гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан жабдылышында белгилүү бир логика жана информациянын таасирин жогорулатуучу тымызын саясат да бар. Ушуга байланыштуу мындай кыска тексттердин графикалык жабдылышы, алардын графикалык образы чоң мааниге ээ. Бул көрүнүш, биринчиден, гезиттин эстетикалык деңгээлинен кабар берип, гезиттин эстетикасын арттырат. Экинчиден, гезиттик кыска тексттердин графикалык жактан ар түрдүүчө шөкөттөлүп, коомчулукка сунушталышында тексттеги өзөк маанини бөлүп туюндуруу мотивдери да бар. Демек, мындай графикалык жабдылыш билинбеген менен гезит бе-тинде бир нече кызмат өтөйт. Буга кошумча гезиттик кабар түрүндөгү кыскача тексттердин графикалык жактан жабдылышы тексттин модалдуулугун да туюндурат.

Маселен: «Аалам» гезитинин 2009-жылдын 12-мартында чыккан санында «Жекшенкулов камалды…» деп макаланын кыскача аннотациясы берилип, ал мазмун графикалык жактан өзгөчөлөнүп жазылган түрдө фото сүрөттөр менен чагылдырылган. Аталган кабар түрүндөгү кыска текст гезиттин үчүнчү бетинде «Аликбек Жекшенкулов бир айга УКМК СИЗОсуна камалды» деген темада берилип, андан соң тексттин мазмуну ар тараптан чечмеленген. «А.Жекшенкулов камалды» деген кабар ошол мезгилде коомчулук үчүн чоң резонанс жаратып, көпчүлүк жарандардын аталган окуяга карата, өлкөдө болуп жаткан адилетсиз саясий оюндарга карата нааразылыгын жараткан. Кыргызстандын саясий элитасынын катарын түзгөн, ишкер, чыгармачыл, активдүү инсан А.Жекшенкуловдун кийинки тагдырына «Аалам» гезитинин жамааты да кайдыгер эмес экенин кабар түрүндөгү бул

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кыска тексттин ыргагынан, тонунан жана «А.Жекшенкулов камалды» … деген суук кабарды атайы бөлүп, графикалык жактан обочолонтуп сунуштоодон байкоого болот. Ырас, гезитте маалыматтарды кайсы бир деңгээлде обьективдүү, бейтарап туюндурууга аракеттер жасалат. Маалыматты калыс, эч бир жакка кошулбай, адилет чагылдыруу гезиттин негизги милдети болуп саналат. Бирок ошондой болсо да, биздин оюбузча, коомчулуктун жүрөгүн өйүгөн олуттуу маселеге карата гезиттин граждандык милдети, патриоттук намысы бар жамааты баары бир кайдыгер боло албаптыр. Бул сыяктуу модалдык маанилерди журналисттер тилдик каражаттар менен ачык туюндурбаса да, гезиттин тилдик эмес, сүрөт, графика сыяктуу каражаттары аркылуу тымызын туюндура алышкан. Мына ошондуктан «А.Жекшенкулов камалды…» деп көп чекит коюлуп, бул кабар атайы бөлүнүп көрсөтүлгөн. Бул графикалык белгиден өлкөдөгү саясий баш аламандыкка, болуп жаткан мыйзамсыздыкка, адам тагдыры менен ойногон бийлик талаш, байлык талаш сыяктуу ыплас жосундардын өөрчүшүнө, өлкөнүн интеллигенциясынын бөлүнүп жарылуусуна, алардын моралдык, нравалык деңгээлинин төмөндөп бара жатышына карата журналисттердин тымызын наразылыгын сезсек болот. Коюлган көп чекит көптөгөн суроолордун, тынчсыздануунун, кабатырлануунун, туңгуюктун белгиси сыяктуу сезилет.

Ошентип, биздин оюбузча, гезиттик кабар түрүндөгү тексттердин графикалык жактан шөкөттөлүшү тегин эмес. Ал графикалык белгилер текстте белгилүү бир модалдык маанилердин, кошумча семантикалык нюанстардын туюндурулушуна өбөлгө болушат.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан обочолонуп жабдылышы тексттин өзгөчө архитектоникасын чагылдырган экстралингвистикалык факторлордун бири болуп саналат. Мындай графикалык каражаттар кабар түрүндөгү кыска тексттердин логика-семантикалык жактан уюшулушуна, анын эстетикалык келбетине, кабарда туюндурулган маалыматтын олуттуу, маанилүү экендигин баса көрсөтүү ыкмаларына өз таасирин тийгизет.

Бир чети, ушул жагдайларга байланыштуу кабар түрүндөгү тексттер адамдын көңүлүн бургандай көрүнүшкө, рекламалуу мүнөзгө да ээ. Реклама латын тилинен «reclamare» которгондо «жар салып кыйкыруу» (выкрикивать) дегенди түшүндүрөт. «Чет элдик сөздөрдүн сөздүгүндө»: реклама-товарлар, кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтарды алармандарга жеткирип, бул товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө суроо талаптарды күчөтүү, кызыккан адамдарга маалыматтарды жеткирүүнүн жолдору жөнүндөгү маалыматтар», – деп берилет.

Ал эми реклама, баарыбызга белгилүү болгондой, тилдик эмес каражаттар аркылуу да туюндурулат. Гезиттик кыска текстти графикалык каражаттар менен обочолонтуп жабдуу, аны тексттин мазмунуна шай келгендей фото сүрөттөр менен шөкөттөп чагылдыруу да туюндурулуп жаткан информациянын түшүнүктүү, так, таамай жана таасирдүү болушуна көмөкчү болот. Мына ушул процесстин өзүндө рекламалуулуктун көрүнүштөрү, анын элементтери кыйыр түрдө камтылып турат. Мындай иште графикалык сүрөттөлүш да өзүнүн чоң ролун ойнойт. Маселен, гезиттик кыска тексттердин графикалык жактан сүрөттөлүшү ар түрдүү мүнөздө жана формада болот. Бул болсо гезиттин визуалдык картинасын ар түрдүүлөп, анын эстетикалуу болушуна түрткү болот.

Дал ушундай прагматикалык максатта гезиттик кабар түрүндөгү тексттердин материалдары жыш, тыгыз берилет. Кээде алар компактуу, чакан бөлүктөргө бөлүнүп гезит бетине жайгаштырылат. Алар төмөндөгүдөй көрүнүштө болот:

Минтип кабар түрүндөгү кыска тексттердин бөлүк-бөлүк түрүндө берилиши гезит бетинде ар түрдүүлүктүн биримдигин түзүп тургандай элес калтырат. Чындыгында эле, биздин оюбузча, гезитте сунушталган кыска кабарлар биздин коомдук ишмердигибиздин, жашоо-турмушубуздун ар түрдүүлүгүнүн биримдигин түзүп, турмушту көп түрдө, көп түстө чагылдырышы зарыл. Ошондой учурда гана гезит коомчулуктун кызыкчылыгын туудуруп, коомчулуктун аң-сезимине таасир эте алат. Коомчулукка таасир этүү басма органы катары ар бир гезиттин түпкү максаты да жана анда иштеген журналистерди аракетке келтирген негизги мотив да болуп саналат. Кабар түрүндөгү кыска тексттердин жыш жана тыгыз берилиши – информациянын көлөмдүк жагдайына да байланыштуу маселе. Ар бир гезит коомдо болуп жаткан ар кандай кабарларды, көрүнүштөрдү болушунча көбүрөөк берүүгө аракет жасайт. Коом үчүн өтө маанилүү маалыматтарды жыш жайгаштыруу аркылуу ар бир гезит коомчулуктун маалымат алуучу негизги булагына айланууга, ошондой олуттуу статуска ээ болууга умтулат. Мына ушундай мотивдер гезитте кабар түрүндөгү кыска тексттердин жыш, тыгыз жайгаштырылышын шарттайт деп ойлойбуз. Демек, гезиттеги ар бир графикалык белги-каражаттардын өзүнчө логика-прагматикалык максат-мүдөөлөрү болот. Маселен, гезиттеги шрифтердин индекстеринин ар түрдүүлүгү, шрифтердин көлөмүнүн ар башкача

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жазылышы да белгилүү бир прагматикалык максаттарды көздөйт.


Биз эмне үчүн жарды жашайбыз?
же жайлоого эмнеге ата-бабаларыбыздай мамиле кыла албайбыз?
КЫРГЫЗ ТУУСУ
Керемет жайлоо-лорду кыя жолдон карасаң,
Кытайдан этин жедирип жатабыз. От эмне үчүн кымбаттоо жатат?
Туз байланыш
"Кыргыз Туусуна" КТРК келет...
Эки элди эриктирбеген Penwell business Limited компаниясынын Мегаком уюлдук операторуна көзөмөлдүк кылуу укугуна болгон аракети ишке ашпай калды.

Гезит бетиндеги шрифтердин мындай ар башкалыгы, бир чети, жалпы эле гезиттин графикалык сөлөкөтүнүн, графикалык моделинин ар түрдүүлүгүн камсыз кылса, экинчи жагынан, гезитте туюндурулган маалыматты ажырымдап көрсөтүү сыяктуу прагматикалык максаттарды көздөйт. Ошондуктан коомчулук үчүн учурда абдан актуалдуу, көпчүлүктүн көңүлүн бура турган курч маселени туюндурган маалыматтар атайы графикалык белгилер аркылуу, тактап айтканда, шрифтердин калың, коюу менен берилиши же көлөмү жактан башка шрифтерден чоңураак болуп, обочолонуп жазылышы сыяктуу белгилер аркылуу баса көрсөтүлөт. Бул ыкма учурда коом үчүн актуалдуу маалыматка окурмандын көңүлүн буруу, аны кызыктырып, кабар түрүндөгү кыска текстти кунт коюп окуп чыгуусуна аргасыз кылуу, тексттеги маалымат аркылуу окурмандын акылына да, сезимине да таасир этүү максатын көздөйт. Бул учурда коомдук жалпы кызыкчылыкка, граждандык пафоско жык толгон эмоцияга, элдеги патриоттук рухка, коомчулуктун менталдык, этнопсихологиялык, этномаданий дүйнө тааным, дүйнө туюм өзгөчөлүктөрүнө басым жасалат. Демек, гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин шрифттеринин ар түрдүүлүгү белгилүү бир логика-семантикалык, прагматикалык кызмат өтөйт.

Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин ар кандай түрдө рубрикаларга бөлүнүшү да графикалык жасалгалоонун бир түрү болуп саналат. Гезиттик кыска тексттерди рубрикага бөлүү жолу да гезиттин информациялык таасирдүүлүгүнө өз салымын кошо алат.

**Адабияттар:**

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери) 1-китеп. - Б.: Ош: Кыргызстан, 2000. - 124 б.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 4-китеп. - Б.: Бийиктик, 2004. - 128 б.
3. Маразыков Т. Экстралингвистикалык фактор-лордун тексттеги интеграциясы, 2-китеп. - Б.: 2005. - 167 б.
4. Маразыков Т. Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар, 3- китеп, - Б.: Б-сыз, 2005. - 166 б.
5. «Аалам» гезити, 2010, №18, 2-бет.
6. Кыргыз тили» №5. 27.05.2008, 8-бет).

**Рецензент: д.филол.н., профессор Элчиев Ж.**